## 2-секция. Социалдык-гуманитардык илимдер, 2010-жылдын апрели: окуялар, фактылар

**УДК 364_78**

***Ташматова А.А.*** *- окутуучу*

### *Кыргызстандагы жаштар арасындагы жумушсуздук маселелери*

Азыркы учурда эмгек рыногундагы олуттуу коомдук маселе болуп жумушсуздук эсептелет. Ар кандай системаларда «жумушсуз» деген түшүнүк ар түрдүүчө кабыл алынат. Экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрдө жумушсуз деп иштөөнү каалаган, бирок өзүнүн талабына ылайык жумушту таба албаган, иштөөгө жөндөмдүү адамды түшүнүшөт.

Жумушсуздук бүткүл коом үчүн экономикалык түздөн - түз чыгымдар экендиги белгилүү. Жумушсуздук экономикалык кризистин убагында өндүрүштүк ишканалардын иштебей калуусунан, жумушчулардын массалык кыскаруусунан, ошондой эле акы төлөнбөгөн эмгек отпускаларына жиберүүдөн жана башка көптөгөн себептерден күч алат.

Дүйнөлүк практикада жумушсуздарга кеткен чыгымдарды эсептеп чыгууда америкалык экономист Артур Оукендин закону колдонулат, ал закон, эгерде жумушсуздуктун деңгээли ошол жыл ичинде табийгый деңгээлден 1% ашып кетсе анда мамлекеттик ички киреше 2,5% төмөндөйт. Ал эми жумушсуздук ошол жыл ичинде өспөй (2011-ж 10% - 2012-ж - 10%) өзүнүн деңгээлинде турса мамлекеттик ички дүң продукциянын көлөмү 3% көбөйөт. Бул жумушсуздук менен байланыштуу болгон продукциянын абсолюттук жоготууларын эсептеп чыгууну мүмкүн кылат.

Негизинен жумушсуздуктун өсүүсү канчалаган млрд. долларга барабар зыянга учуроону билдирет. Анткени жумушсуздарга пособие төлөөлөргө, эмгекке орноштуруу жана жумушсуздарды кайрадан даярдоо программасына жана башка иш чараларга кетет, ансыз да олуттуу бюджеттик тартыштыкты арттырат. Мындан сырткары эч кандай акча каражаты менен орду толуктабаган жумушсуздуктун социалдык чыгымдарынын болушун да билгизбей кетүүгө болбойт. Жумушту жоготуунун натыйжасында адамдын аң - сезиминде азыркы коомдун салтка айланган баалуулуктары, биринчи кезекте эмгек менен байланышкан баалуулуктар кыйрайт. Мисалга алсак өзүнө - өзү ишенүүсү төмөндөйт ж.б.у.с.

Мындан сырткары жумушсуздуктун өсүшү менен психологиялык оорулуулардын, ажырашуулардын, өзүн өзү өлтүрүүлөрдүн саны көбөйүп кылмыштуулук жогорулайт. Жумушсуздуктун терс натыйжаларын түшүнүп билүү мамлекеттин эмгек рыногуна таасир этүүсүн шарттайт. Жумушсуздарды ишке тартуу чөйрөсүндө мамлекеттик жөнгө салуунун үч негизги багытын бөлүп көрсөтүүгө болот:

- жумушка тартуунун өсүшүн жана мамлекеттик сектордо жумуш орундарынын санын көбөйтүүнү стимулдаштыруунун программалары;
- Жумушчу күчтөрдү кесиптик даярдоо жана кайра даярдыктан өткөрүү;
- жумушчу күчтөрүн жолдоого көмөктөшүү программалары.

Көптөгөн өлкөлөрдө таралган иш чаралардын бири жумушсуздарга социалдык жардам болуп эсептелет. Ал үч жол менен иш жүзүнө ашырылат. Биринчи, жумушсуздук пособие төлөнөт. Бул ири материалдык жардам айлык акынын орто эсеби. Экинчи этабы - жумушсуздарга финансылык жардам көрсөтүү. Үчүнчү этабы адистигин өркүндөтүү же аны адистик үчүн аракеттенип, кесипке даярдоо курсуна киргендер стипендия алышат жана алардын окуган мезгили жалпы жана үзгүлтүксүз иш стажына кошулат.

Жардамдардын тигил же бул түрлөрүн төлөп берүүнүн жалпы мөөнөттөрү ар кайсы өлкөлөрдө ар кандай.

Кыргызстан элин ойлондурган маселе жумушсуздук жана кирешелүү жумуш болуп эсептелет. Жумушсуздук - Кыргызстанда он жылдап созулуп келе жаткан курч көйгөйлөрдүн бири. Расмий маалыматтар калкынын саны болгону беш миллиондон бир аз ашкан өлкөдө жумушсуздук жыйырма пайыз экенин көргөзүүдө.

Ишке орношуу, жумушсуздук, экономикалык коопсуздук - кыскасы кантип акча табыш керек деген маселелер Кыргызстан жаштарын көп ойлондурат. Жаштардын сапаттуу жумуштарга өтүү мүмкүнчүлүгүн ачуу үчүн өлкөдө сапаттуу билим алуу системасы керек. Бирок азыркы учурда билим алуу эмес жаштардын дээрлик көпчүлүгү орто окуу жайларын бүтүп эле жумуш издеп чет жакага кетип жатканына өзүбүз күбөбүз. Биз жашап жаткан ааламдаштыруу доорунда жана СССР кулагандан бери баардык эшиктер ачылып, чет өлкөлөргө чыгуу жеңилдеди. Начар экономикага ээ, калк арасында жумушсуздук күч алган Кыргызстанда жаштар мындай мүмкүнчүлүктөрдү кеңири колдонушууда. Статистика комитетинин маалыматына ылайык, 1991-2005-жж. аралыгында мигранттардын саны болжол менен 500 миң адамды түзсө, 2005-2010-жж. аралыгында 800 миң адамды түзгөн. Ошол эле статистика боюнча, мекендештерибиз көбүнчө жумушсуздуктун айынан Казакстанга, Орусияга ж.б. мамлекеттерге иштеп, акча табууга кетишет. Чет жактарга жаштардын агылуусунун себеби бир эле жумушсуздук, татыбаган айлык маяна деп толук айтууга болот.

Өлкөдөн чыгып кеткендердин арасында жогорку билимдүүлөр да арбын. Билим берүү министирлигинин маалымат бөлүмү билдиргендей, 2010-жылы 4158 студент эл аралык келишим менен Орусия, Түркия, Египет жана Беларусь аттуу өлкөлөрдө окушат. Учурда чет өлкөдө жумуш менен камсыздоочу уюмдар аркылуу Америка, Корея, Германия ж.б. европа өлкөлөрүнө чыгууга мүмкүнчүлүктөр бар.

Бирок бардык эле кыргызстандыктар мекенине кайтып келүүнү каалашпайт. Чет өлкөдө жумуш менен камсыздоочу уюмдардын бири болгон “Work and Travel” уюму маалымдагандай “2008-ж 12 кыргызстандык Вайоминг шаарына жиберилип, анын үчөөсү чоң өлчөмдөгү айып пулга жана салыктарга карабастан ал жерде калууну билдиришкен”. Мунун себеби: айдан ачык.

“21-кылымдын кадрлары” ж.б. программалар аркылуу көптөгөн биздин жарандар тышка чыгып, кайтып келишпегендигин айтпасак да белгилүү. Мунун оң жагынан терс жактары көбүрөөк. Анткени биздин активдүү, келечекте кыргыз элин көтөрө турган жаштар кетип жатышат жана экономикалык мигранттар да калктын негизги жумушка жарактуу бөлүгүн түзөт эмеспи.

Эми биздин мигранттар же жумуш издеп Орусияга баргандардын акыбалы кандай. Ошол боюнча да токтолуп кетпесек болбос. Орусиядагы кыргыз мигранттары саны боюнча бешинчи орунда турат. Ал эми сапаттык көрсөткүчү кандай? Кыргыз мигранттары интеллектуалдык деңгээл талап кылынган жерлерде иштей алышабы? Чет өлкөгө жаштардын кетишине бир гана жумушсуздук таасир берип жатабы? же бул Кыргызстанда өз алдынча аракет көргүсү келбегендер арасында модага айландыбы? Чет жерде жүргөн мигранттар өкмөттүн кандай жардамына муктаж? Азыр Орусияда эле таштанды кыргыз балдарынын саны өсүп жатат деп жатышат. Буга эмне себеп? Мигранттардын үй-бүлөсүнүн бузулушу улуттук көйгөйгө айланып баратат. Аны токтотуу үчүн өкмөт, коомчулук тарабынан кандай аракеттер зарыл? Чет жерде жүргөн мигранттардын балдарынын окуусу, тарбияланууусу үчүн кандай шарттар зарыл жана алар үчүн кимдер аракет көрүш керек? Мына ушул жана башка жүрөк өйүгөн суроолор биздин өлкөдөгү жумушсуздуктун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат. Эгер биз Кыргызстанда калкты иш

менен камсыз кыла алганыбызда, жогорууда атап өткөн маселелер болмок эмес. Ата-энеси балдарынын, балдары ата-энесинин жанында мээримине зар болбой жакшы жашоодо жашайт эле. Жаңыдан баш кошкон жубайлардын элдин агымы менен бири-биринен алыстап, ар кандай себептерден улам үй-бүлө бузулган да учурлары болуп жатат.

Орусия же башка өлкөлөрдө жалданма жумушта иштеп жүргөн жердештерибиз аз эмес. Тилди го мейли зирек кыргыз жаштары тез өздөштүрөт, бирок, колунда өнөр билими жок жумуш таап орношуу кыйын. Ошондуктан өкмөт атайын кесиптик билим берүүчү окуу жайларын жандандырып ушул тармакка көңүл бурулса жакшы болмок.

Бул биздин сырта жүргөн боордошторубуз, мигранттар болду. Ал эми Кыргызстандын шаарларында жана айыл жергелеринде туруктуу жумуш орундарынын жоктугунан жалданма жумушчулардын катмары пайда болгон. Алардын топтолуп турган жери – эл ичинде "кул базар" деп аталып калган.

Баш калаанын Лев Толстой, Жалал-Абад шаарынын Шопокова көчөсүнүн ж.б. бир катар шаарларда жол боюнда каз катар тизилген жалданма жумушчулар, демалыш - майрам күндөрүнө карабай иштеп жатканын билебиз. Кардарлардын саны кыскарганда, айрымдары арзаныраак иштеп берүүгө деле макул болушат. Алардын турган жери – "кул базар" деп аталып калганына анчейин теригишпейт. Башкалардай үй-бүлөсү менен бирге эс албаганына же майрамдабаганына да кайыл. Эң негизгиси күнүмдүк жумуш чыгып турса, ошол бизге майрам деп турган чактары.

Кардарларды кезере күтүп, жол боюна унаа токтой калса, жарыша чуркаган бул кишилердин күнүмдүк кирешеси олжолуу дегенде 300-500 сомго араң жетет. Бирок бул үй-бүлөнү багууга жетиштүүбү? Азыркы учурдагы азык-түлүктүн кымбаттыгы, андан сырткары кийим-кече деген маселелер бар. Пансионат, санаторийлерде эс алууну айтпаса да болот. Жалданма жумушчулардын ар түрдүү кесиптеги кишилер иштешет. Алардын көпчүлүк бөлүгүн жаштар түзөт.

Мына бүгүнкү күндөгү жумушсуздуктун бирден гана мисалдарын карап көрдүк. Калктын активдүү бөлүгүнүн күчүн, акылын эмне үчүн башка мамлекеттин өнүүгүшүнө сарпташыбыз керек.

***Адабияттар***


1. *Рыкова Е.А.* и др. Технология поиска работы – М.: Профобр Издат, 2001
2. *Старовойтова Л.И.* Золотарева Т.Ф.Занятость население и ее регулирование. – М.: 2002
3. *Боровик В.С., Ермакова Е.Е., Похвонев В.А.* Занятость население. Растов-на-Дону: "Феникс", 2001